КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# МЫЙЗАМЫ

---

# ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

20013-жылдын 30-майында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2006-ж., № 4, 392-ст.) төмөнкүдөй толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** 188-статьяда:

статьянын аталышында "Кызматтык" деген сөздөн кийин "жана чет өлкөгө узак" деген сөздөр менен толукталсын;

статья төмөнкүдөй мазмундагы 2-бөлүк менен толукталсын:

"Чет өлкөгө узак иш сапар (мындан ары –ЧУИ) – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чет мамлекеттердеги же чет өлкөдө жайгашкан эл аралык уюмдардагы Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызмат органына же мамлекеттик органдардын өкүлчүлүгүнө иштөөгө мамлекеттик кызматчыларды жана башка кызматкерлерди иш сапарга жиберүү.".

**2.** 382-384-статьялар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"382-статья. Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкерлеринин эмгек мамилелерин жөнгө салуу

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкерлеринин эмгек мамилелери "Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен ушул Кодекске, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары жана башка ченемдик укуктук актылары дипломатиялык кызмат органдарына жана алардын кызматкерлерине ал атайын мыйзам менен жөнгө салынбаган өлчөмдө гана жайылтылат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении дополнений и изменений в Трудовой кодекс Кыргызской Республики**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 30 мая 2013 года

**Статья 1.** Внести в Трудовой кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2006 г., № 4, ст. 392) следующие дополнения и изменения:

**1.** В статье 188:

название статьи после слова «служебной» дополнить словами «и длительной заграничной»;

статью дополнить частью 2 следующего содержания:

«Длительная заграничная командировка (далее - ДЗК) - командирование государственных служащих и других работников на работу в орган дипломатической службы и представительства государственных органов Кыргызской Республики в иностранных государствах или международных организациях, находящихся за границей, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.».

**2.** Статьи 382 - 384 изложить в следующей редакции:

«Статья 382. Регулирование трудовых отношений работников дипломатической службы Кыргызской Республики

Трудовые отношения работников дипломатической службы Кыргызской Республики регулируются в соответствии с настоящим Кодексом, а также иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики с учетом особенностей, установленных Законом Кыргызской Республики «О дипломатической службе Кыргызской Республики».

Трудовое законодательство и иные нормативные правовые акты Кыргызской Республики распространяются на органы дипломатической службы и их сотрудников только в той мере, в которой это не урегулировано специальным законом.

383-статья. Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкерлерин дайындоо жана аларды ЧУИ жиберүү

Чет мамлекеттин жарандыгына ээ болбогон жана кызматка Кыргыз Республикасынын Президенти же Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан дайындалууга жатпаган Кыргыз Республикасынын жарандары Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын органдарындагы дипломатиялык, консулдук жана административдик мамлекеттик кызмат орундарына тышкы иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан дайындалат.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкерин ЧУИ жиберүүдө тышкы иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдагы, ага караштуу органдагы же Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бирдиктериндеги анын өкүлчүлүгүндөгү кызмат ордунан бошотулат жана чет өлкөдө жайгашкан дипломатиялык кызмат органында кызмат ордуна дайындалат.

ЧУИ мөөнөтү аяктаганда Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкери кеткенге чейин тышкы иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда, ага караштуу органда же Кыргыз Республикасынын аймактык бирдиктериндеги анын өкүлчүлүгүндө ээлеген кызмат ордунан төмөн эмес кызмат ордуна дайындалат.

Тийиштүү бош орун жок болгон учурда Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкери кеткенге чейинки ээлеген кызмат ордунан төмөн кызмат ордуна, бирок бир тепкичтен кем эмес жана кызматкердин өз макулдугу менен гана дайындалышы мүмкүн.

Ушул статьянын жоболору Кыргыз Республикасынын Президенти же Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан дайындалуучу Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкерлерине жайылтылбайт.

384-статья. Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын ЧУИ жиберилүүчү кызматкерлеринин эмгек шарттары

ЧУИ жиберилүүчү Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкерлеринин эмгек шарттары ушул Кодексте белгиленгенден начар болушу мүмкүн эмес.".

**3.** 385-статья күчүн жоготту деп таанылсын.

**4.** 386-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"386-статья. Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкерин ЧУИ чакырып алуу үчүн кошумча негиздер

Ушул Кодексте жана башка мыйзам актыларында каралган негиздерден тышкары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын ЧУИ жиберилген кызматкери ЧУИ төмөнкү учурларда чакыртылышы мүмкүн:

1) барган өлкөдө өзгөчө кырдаал пайда болгондо;

2) кызматкерди "нон грата" персонасы деп жарыялаганда же болбосо барган өлкөдө анын кабыл алынбастыгы тууралуу жергиликтүү компетенттүү бийликтерден кабарлама алганда;

Статья 383. Назначение работников дипломатической службы Кыргызской Республики и их командирование в ДЗК

Граждане Кыргызской Республики, не имеющие гражданства иностранного государства и не подлежащие назначению на должность Президентом Кыргызской Республики или Премьер-министром Кыргызской Республики, назначаются на дипломатические, консульские и административные государственные должности в органах дипломатической службы Кыргызской Республики руководителем уполномоченного государственного органа в сфере иностранных дел.

При командировании работника дипломатической службы Кыргызской Республики в ДЗК он освобождается от занимаемой должности в уполномоченном государственном органе в сфере иностранных дел, органе при нем или его представительстве в административно-территориальных единицах Кыргызской Республики и назначается на должность в органе дипломатической службы, находящемся за границей.

По окончании срока ДЗК работник дипломатической службы Кыргызской Республики назначается на должность не ниже той, которую он занимал в уполномоченном государственном органе в сфере иностранных дел, органе при нем или его представительстве в территориальных единицах Кыргызской Республики до выезда.

В случае отсутствия соответствующей вакансии работник дипломатической службы Кыргызской Республики может быть назначен на должность ниже должности, занимаемой до выезда, но не ниже чем на одну ступень и только с согласия самого работника.

Положения настоящей статьи не распространяются на работников дипломатической службы Кыргызской Республики, назначаемых Президентом Кыргызской Республики или Премьер-министром Кыргызской Республики.

Статья 384. Условия труда работников дипломатической службы Кыргызской Республики, направляемых в ДЗК

Условия труда работников дипломатической службы Кыргызской Республики, направляемых в ДЗК, не могут быть хуже, чем это установлено настоящим Кодексом.».

**3.** Статью 385 признать утратившей силу.

**4.** Статью 386 изложить в следующей редакции:

«Статья 386. Дополнительные основания для отзыва работника дипломатической службы Кыргызской Республики из ДЗК

Помимо оснований, предусмотренных настоящим Кодексом и другими законодательными актами, работник дипломатической службы Кыргызской Республики, направленный в ДЗК, может быть отозван из ДЗК в случаях:

1) возникновения чрезвычайной ситуации в стране пребывания;

2) объявления работника персоной «нон грата» либо получения уведомления от местных компетентных властей о его неприемлемости в стране пребывания;

3) несоблюдения работником обычаев и законов страны пребывания, а также общепринятых норм поведения и морали;

3) кызматкер барган өлкөнүн каада-салттарын жана мыйзамдарын, ошондой эле жүрүм-турумдун жана моралдын жалпы кабыл алынган ченемдерин сактабаганда;

4) кызматкердин үй-бүлө мүчөлөрүнүн барган өлкөнүн мыйзамдарын, жүрүм-турумдун жана моралдын жалпы кабыл алынган ченемдерин, ошондой эле чет өлкөдөгү Кыргыз Республикасынын тийиштүү дипломатиялык кызмат органынын аймагында колдонулган жашоо эрежелерин сактабаганда;

5) эмгек милдеттерин, ошондой эле кызматкер тааныштырылган режимдик талаптарды бир жолу одоно бузганда;

6) 2 айдан узак созулган убактылуу эмгекке жарамсыздыкта же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте бекитилген оорулардын тизмесине ылайык, чет өлкөдө иштөөгө тоскоолдук кылган оорусу болгондо.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкерлерин ушул статьянын биринчи бөлүгүндө каралган негиздердин бири боюнча ЧУИ чакыртып алууда, ЧУИ кеткенге чейин тышкы иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда, ага караштуу органда же Кыргыз Республикасынын аймактык бирдиктериндеги анын өкүлчүлүктөрүндө кызмат ордун ээлебеген кызматкерлерди иштен бошотуу ушул Кодекстин 79-статьясынын 2-пункту боюнча жүргүзүлөт.".

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эки айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**

Бишкек ш.
2013-жылдын 15-июлу
№ 141

4) несоблюдения членами семьи работника законов страны пребывания, общепринятых норм поведения и морали, а также правил проживания, действующих на территории соответствующего органа дипломатической службы Кыргызской Республики за границей;

5) однократного грубого нарушения трудовых обязанностей, а также режимных требований, с которыми работник был ознакомлен;

6) временной нетрудоспособности продолжительностью свыше 2 месяцев или при наличии заболевания, препятствующего работе за границей, в соответствии со списком заболеваний, утвержденным в порядке, установленном Правительством Кыргызской Республики.

При отзыве работников дипломатической службы Кыргызской Республики из ДЗК по одному из оснований, предусмотренных частью первой настоящей статьи, увольнение работников, не занимавших должность в уполномоченном государственном органе в сфере иностранных дел, органе при нем или его представительстве в территориальных единицах Кыргызской Республики до выезда в ДЗК, производится по пункту 2 статьи 79 настоящего Кодекса.».

**Статья 2.** Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

Правительству Кыргызской Республики в двухмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

г. Бишкек
15 июля 2013 года
№ 141